КАРАЛДЫ

Педагогикалык кеңештин

№ 1

«29» 08. 22

БЕКИТЕМ

М. Балбаков атындагы

орто мектебинин директору

А. Дөөлөтбеков

Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо тутуму жөнүндө жобо

1. **Жалпы жоболор**

**1.1 Мектептеги окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо тутуму жөнүндө** ушул Жобо окуучулардын билим жетишкендиктерин мектептик баалоо тутумунун түзүмүн аныктайт, билим берүү уюмунун аймагында баалоо ишин уюштурууга жана технологиясына бирдиктүү талаптарды белгилейт, эрежелерди түшүндүрөт.

**1.2. Мектеп окуучуларынын билим жетишкендиктерин баалоо тутуму** жөнүндө ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарттары, мектептик базалык билим берүү программаларынын негизинде түзүлдү .

**1.3.Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо тутуму** жөнүндө ушул Жобо мектептин ченемдик актысы болуп саналат жана билим берүү уюмунун Педагогикалык Кеңеши тарабынан каралып кабыл алынат, ага билим берүү ишчараларынын бардык катышуучулары өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө укуктуу жана милдеттүү болуп саналат .

**1.4.Мектеп окуучуларынын билим жетишкендиктерин баалоо тутумунун максаттары:** ¬ окуучулардын билим жетишкендиктерине таасир этүүчү факторлорду аныктоону жана өзгөрүүлөрдү өз убагында аныктоону камсыз кылган билим берүүнүн абалын баалоо жана көзөмөлдөө боюнча бирдиктүү тутумду түзүү; ¬ окуучулардын билим жетишкендиктеринин абалы, анын өзгөрүү тенденциялары жана анын деңгээлине таасир этүүчү себептер жөнүндө объективдүү маалымат алуу; ¬ билим берүүгө байланыштуу чечимдерди кабыл алууда билим берүү кызматтарына кызыкдар тараптардын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу; ¬ жалпы билим берүү мекемесинин администрациясы тарабынан негиздүү башкаруу чечимдерин кабыл алуу.

**1.5.Мектеп окуучуларынын билим жетишкендиктерин баалоо тутумунун милдеттери:** ¬ Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун бирдиктүү критерийлерин түзүү;